**2026-жылдын 2-февралынан 6-февралына чейин КУУнун Нарын шаарындагы гуманитардык-табигый илимдер факультетинде өтүлгөн иш-чаралар**

Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Нарын шаарындагы гуманитардык-табигый илимдер факультетинде «Башталгыч класстарды окутуу» жана «Укуктануу» адистиктеринин студенттери үчүн «Илимдин ажайып үч кереметы» аттуу апталык иш-чара өткөрүлдү.

Иш-чаранын максаты: Гуманитардык багыттагы адистиктердин студенттери үчүн математика, физика жана информатика предметтеринин маанилүүлүгүн арттыруу, билим сапатын жогорулатуу жана так илимдерге болгон кызыгууну ойготуу. Бул иш-чаранын алкагында гуманитардык багыттагы адистиктер үчүн математика, физика жана информатика предметтери боюнча атайын сабактар жана талкуулар уюштурулду. Окуу процессинин жүрүшү жана билим берүү сапатын жогорулатуу максатында КУУнун окуу башкармалыгынын башчысынын орун басары Т.А. Аблешов факультетке иш сапары менен келди жана факультеттеги окуу процессинин жүрүшү менен таанышты. Жолугушуунун негизги максаттары: Окуу тартибин текшерүүдө а) сабактардын өз убагында башталышын жана студенттердин катышуусун көзөмөлдөө; б) сапатты жогорулатуу боюнча аудиториялардын техникалык абалы жана окутуучулардын усулдук даярдыгы боюнча пикир алышуу.

Т.А. Аблешов ар бир аудиторияга кирип, студенттерге университеттеги акыркы реформалар, кредиттик технологиянын өзгөчөлүктөрү жана алдыдагы сессияга даярдык көрүү боюнча маанилүү маалыматтарды берди. Баарлашуу учурунда студенттер төмөнкү маселелер боюнча сунуш-пикирлерин билдиришти. Окуу куралдарынын жана китептердин жетишсиздиги; сабактардын жадыбалынын (расписание) ыңгайлуулугу; техникалык каражаттардын абалы жөнүндө.

"Биздин негизги максатыбыз — студенттер үчүн сапаттуу билим алууга бардык шарттарды түзүү. Мындай түз байланыштар окуу процессиндеги мүчүлүштүктөрдү ыкчам чечүүгө жана билим берүүнүн деңгээлин жаңы баскычка көтөрүүгө жардам берет", — деп белгиледи Т.А. Аблешов.

# Негизги иш чаралар

| № | Иш-чаранын аталышы | Мазмуну | Жооптуу окутуучу же студент |
|---|---|---|---|
| 1 | *CLIL (предмет мн тилди интерациялап окутуу) боюнча мастер-класс* | Математикалык сабаттуулук функционалдык сабаттуулуктун бөлүгү катары | окутуучу Ыдырысова Д.К |
| 2 | *Ачык саат* | «Кошуу жана кемитүүнүн байланышы» 3-класс Математика | Студент Жумабек кызы Айдай ПНК(Н)(11)-24 тайпасы |
| 3 | *STEM сабагы* | Предметтерде STEM тапшырмаларын колдонуу ПРО(Н)(9)-1-25 тайпасы. | окутуучу Мамбеттоктоева Н.М. |
| 4 | *Интеллектуалдык оюн* | «Студенттин сынагына сынбайсыңбы?» | окутуучу Жумабеков Н. |
| | | Математикалык шахмат турнири (шахмат, шашки, Тогуз коргоол), | окутуучу Ыдырысова Д.К |
| | | «Мен миллионер болгум келет» | |

Ачык сабактын жыйынтыгы жана анализи:

Тема: Математика сабагында CLIL жана STEM технологияларын колдонуу.

Өткөргөн студент-дублер: Жумабек кызы Айдай (ПНК-11-24 тайпасы).

Негизги багыттаCLIL ыкмасы: Математика предмети экинчи тил аркылуу окутулуп, тилди дүйнө таануу куралы катары колдонуу ишкеSTEM программасы: Сабакта теориядан практикага басым жасалып, студенттер маалымат алуучу эмес, "ойлоп табуучу" катары көйгөйлөрдү чечишти.

Декаданын жыйынтыгында:

1. Факультеттин деканы С.С. Иманалиев жана тажрыйбалуу окутуучулар студенттин кесиптик даярдыгына жогору баа беришти.

2. Студенттердин методикалык көндүмдөрүн арттыруу боюнча баалуу кеңештер берилип,

так илимдердин гуманитардык тармак менен байланышы белгиленди.

3. Ачык саат окуу процессин көзөмөлдөөнүн алкагында натыйжалуу жана максатына жеткен деп белгилешти. Интеллектуалдык оюндар боюнча студенттердин өзүлөрүнүн тактикалык жүрүштөрү жана  турнирдин жүрүшүндө мыкты стратегия көрсөтүп, орундарга ээ болушту.

"Бүгүнкү турнир студенттердин логикалык жөндөмүн гана эмес, алардын токтоолугун жана чечим кабыл алуу ылдамдыгын да көрсөттү. Жеңүүчүлөрдү чын дилимден куттуктайм!" — деп белгиледи факультет деканы, доцент С.С. Иманалиев.






МАТЕМАТИКА
CLIL
сабаттуулуктун бөлүгү катары






БИЛИМ
БУЛАГЫ
ИЛИМДИН
АЖАЙЫП
УЧ
КЕРЕМЕТИ


Математикалык сабаттуулук
Математикалык сабаттуулук – чыныгы жашоодогу түрдүү кырдаалдарда көйгөйлөрдү чечүү үчүн математикалык ой жүгүртүү жана андан чечим чыгаруу, колдонуу жана математиканы интерпретациялоо.


Принципы уголовного процесса